
№31 Ынтымак жалпы орто
билим берүү мектеби

Биологиядан ачык сабак

# Тема: Балыктар классы (жыйынтыктоочу сабак)

## 7-класс




Мугалим: Орозбаева Гульназ
Тынычтыкбековна

Ачык сабак

**Сабактын аты:** Биология

**Сабактын максаты: А) Билим беруучулук**

Окуучулар балыктар чоң классына бышыктоо жүргүзүшөт

**Б) Өнүктүрүүчүлүк:** Ой жүгүртүүсү, өз алдынча иштөө көндүмдөрү калыптанат.

**В) Тарбия берүүчүлүк:** Топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп,өз ара түшүнүүгө, пикирин сыйлоого, биология сабагын сүйүүгө тарбияланышат.

**Сабактын тиби:** Аралаш

**Предмет аралык байланыш:** Сүрөт,математика,тарых,география, табият таануу

**Сабактын формасы:** стандартуу

**Сабактын усулу:** Интерактивдүү


**Сабактын жабдылышы:** Балыктардын классчаларынын сүрөттөрү, ватман, фломастер,түр карандаш,сан артындагы суроолор, баалоо баракчалары,жоолуктар,баш катырмалар ж.б.

**Сабактын жүрүшү:**

**1.Уюштуруу иши**

Саламдашуу Жагымдуу жагдай түзүү Автопортрет (Гарможка менен бири бирин мүнөздөп табуу)

**2.Үй тапшырмасы** ( Ар бир окуучу ар түрдүү балыктарды сүрөтү менен тартып айтып



Азаматсыңар! Азыр биз топко бөлүнүп алсак. Мен силерге азыр нерселерди таратып берем.Кимге кандай курал окшош туш келсе, ошол топтор биригип бир топ болосуңар!

**3.Тема:** Балыктар чоң классына бышыктоо жүргүзүү менен балдар биз ар түрдүү тапшырмаларды аткарабыз.Сабактын максатын айтып берем.

Балдар балыктар чон классында кандай классчага бөлүнөт?


1.Сөөктүү балыктар классчасы.

2.Кылкандуу балыктар классчасы.

3.Манжа билек балыктар классчасы.

4.Эки түрдүү дем алуучулар классчасы. Болуп бөлүнөт доскада сүрөттөн көрүп турасыңар!  Анда эмесе тапшырмаларды аткаралы.

**1 –ТАПШЫРМА   Сан артындагы суроолор**




1.Тегерек оозддуулар кайда кездешет?
2.Балыктардын кандай жуптуу жана жупсуз сүзгүчтөрү бар,алар кандай кызмат аткарышат?
3.Өтмө балыктар деген эмне?
4.Балыктын скелетинин негизги бөлүгү кандай?
5.Балык эмнеси менен дем алат?
6.Манжа билек балыктын кандай өзгөчөлүгү бар?
7.Эки түрдүү дем алуучуларга кайсылар кирет?
8.Миксина кандай түрдөгү балык?

**2-ТАПШЫРМА:** Көз таңып ар бир топ сурот тартышат.



Ар бир топтон үч  окуучу келип балыктын сүрөтүн тартышат.Боёкторун ар бир манжасына кыстарып болжолдоп боёшот.


Балыктардын склети кемирчектен жана сөөктөрдөн турат.Анын негизин омуртка тутуму түзөт.Омуртка тутуму омурткалардан турат.Тулку бой омурткаларына кабыргалар бекийт.Омуртка каналдын ичинде жүлун жатат.Баш сөөгү мээ кутучасынан жана жаак сөөктөн ,бакалоор капкакчасынан турат.

**3-ТАПШЫРМА Аквариум оюнзоок паркында сырдуу балыктар камтылган.**

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Р | С | М | Б | й | М | Е | К | Р | Е |
| К | К | Щ | У | К | А | К | У | Л | А |
| И | Н | А | С | А | З | А | Н | Х | Л |
| Т | С | К | У | М | Б | Р | И | Я | А |
| В | У | С | Ш | Б | Э | А | У | В | Б |
| Ы | Д | Е | Д | А | Ф | С | О | М | У |
| Ф | А | Р | Е | Л | Ь | Ь | Р | О | Г |
| Г | К | Т | Г | А | Р | Б | У | Ш | А |

Азаматсыңар!! Алабуга,акула,сазан,фарель,камбала,мекре,щука,кит,судак деген балыктар катылган экен.

5-ТАПШЫРМА Расскраска тесттер



1.Эки түрдүү дем алуучуларга кайсы балыктар кирет.

А)латимерия

б) протоптер

в) сазан

**Сабакты бышыктоо:**

1 Сөөктүү балыктардын кемирчектүү балыктардан кандай өзгөчөлүгү бар?

2.Сөөк кемирчектүү балыктардын мүнөздүү белгилери кайсылар?

3.Кыргызстанда кайсы балыктар башка жактан алып келип өстүрүлгөн?

4.Манжа билек балыктардын кандай өзгөчөлүгү бар?

5.Балыктардын адам жашоосунда кандай мааниси бар?

Үй тапшырмасы: Балыктардын сүрөтүн тартып суроо түзүп келүү.

Баалоо